**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Таалайкул Аскаралиевна Токтакунованын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 439-беренесинин 4-бөлүгүнүн «Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

# Ч Е Ч И М И

2024-жылдын 20-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы К. Маамыталы кызынын,

кайрылуучу тарап – Таалайкул Аскаралиевна Токтакунованын,

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Саматбек Кыштообекович Ысырановдун,

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Маргарита Насаркановна Сапиянованын, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Асель Абасбековна Джапарованын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Шеримкул Замирбекович Мамыткановдун, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Азамат Токтосунович Маматкуловдун катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Таалайкул Аскаралиевна Токтакунованын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 439-беренесинин 4-бөлүгүнүн «Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

Бул ишти кароого Т.А.Токтакунованын арызы себеп болду жана талашылып жаткан ченемдик жобонун Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде табылган аныксыздык негиз болду.

Ишти соттук отурумда кароого даярдаган судья-баяндамачы К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту,

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 29-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.А. Токтокунованын Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 439-беренесинин 4-бөлүгүнүн “Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш” деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1,2, 4-6-бөлүктөрүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыз ээси өз кайрылуусунда 2023-жылдын 5-апрелинде Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун өкүмү менен В.Ю. Дуплищев 2021-жылдын 28-октябрындагы редакциядагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары – КЖК) 41-беренесинин 4-бөлүгү, 340-беренесинин 1-бөлүгү, 2017-жылдын 2-февралындагы редакциядагы КЖКнын 43-беренесинин 4-бөлүгү, 215-берененин 3-бөлүгүнүн 2-пункту менен каралган кылмыштарды жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп табылгандыгын көрсөтөт. Кылмыш-жаза кодексинин 77-беренесин эске алуу менен ага мүлкүн конфискациялоо менен, жазасын жалпы режимдеги колонияда өтөө менен 7 жылга эркиндигинен ажыратуу жана 3 жыл мөөнөткө экономикалык иш менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндө жаза дайындалган.

Кайрылуу субъектиси, талашылып жаткан ченемдик жобону колдонуу Конституцияда каралган калыс соттук териштирүүгө жана соттук толук коргонууга болгон адамдын укуктары менен эркиндиктерин одоно түрдө бузат деп эсептейт. Жарандардын соттун акыркы чечими чыкканга чейинки апелляциялык инстанциянын чечимдерине даттануу мүмкүнчүлүгүн чектөө

менен, КЖКда мындай мүмкүнчүлүк каралган шартта, укук коргоо органдары алардын абсолюттук, ажыратылгыс жана мыйзам тарабынан корголгон укуктарына кийлигише ала турган кырдаал түзүлөт. Бул кылмыш-жаза иши кассациялык даттанууну же соттун акыркы чечимине сунушту бир маалда кароодо болот.

Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин талаптарын бузуудан улам айрым далилдерди жол берилгис деп табуу жөнүндө арыз берилген учурда апелляциялык инстанциянын бул өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө аныктамасын өкүм менен бирге гана даттанса болот. Мында апелляциялык инстанциянын өкүмү жарыялангандан кийин дароо мыйзамдуу күчүнө кирет. Ошол эле учурда, арыз ээсинин пикири боюнча адам эркиндигинен ажыратылат, андан кийин гана ага далилдердин жол берилгистиги жөнүндө апелляциялык инстанциянын аныктамасына даттануу укугу берилет, ал эми Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүндө улуттук коопсуздукту жана коомдук тартипти коргоо, калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын коргоо, ошондой эле башка адамдардын укуктарын коргоо максатында гана адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин мыйзамдар менен чектөөгө жол берилет.

Арыз ээси чектөөлөрдүн өлчөмдөш эместиги жөнүндө өз позициясын негиздөөдө Конституциянын 23-беренесинин 4, 5 жана 6-бөлүктөрүнө да шилтеме кылат, ага ылайык Конституцияда каралгандан башка максаттарда жана андан ашкан деңгээлде адамдын укуктарына жана эркиндиктерине мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эмес. Конституцияда белгиленген адамдын укуктары жана эркиндиктери эч кандай чектелүүгө жатпайт.

Кайрылуу автору ошондой эле Конституция адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык кепилдейт жана тааныйт деген жүйөнү келтирет. Бул конституциялык жоболор Жарандык жана саясий укуктар

жөнүндө эл аралык пактынын 14-статьясынын 5-пунктуна шайкеш келет, ага ылайык ар кандай кылмыш үчүн соттолгон ар бир адам өзүнүн соттолгондугун жана өкүмүн мыйзамга ылайык жогору турган инстанцияда кайра каралып чыгышына укуктуу.

Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин 439-беренесинин 4-бөлүгүндө белгиленген чектөө өкүм чыгарууда жол-жобону бузат, анткени соттолуу тартиби мыйзамга ылайык жогору турган сот инстанциясы тарабынан текшерилүүгө жатат.

Кайрылуу субъектиси, ошондой эле Конституциянын 56-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн белгилейт, ага ылайык мамлекет жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга милдеттүү, ошондой эле бул укуктарды жана эркиндиктерди жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды кабыл алууга жол берилбейт. 2019-жылдын 1-январына чейин күчүндө болгон Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде сот актыларын, анын ичинде апелляциялык инстанциядагы соттун актыларын көзөмөл тартибинде кайра кароо жөнүндө 374-беренени камтыган. Апелляциялык инстанциянын аныктамаларына өзүнчө даттанууга байланыштуу чектөөлөр болгон эмес.

Бирок мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү менен апелляциялык инстанциянын аныктамаларына даттануу укугу жоюлду, бул конституциялык принциптерди бузуу катары каралышы мүмкүн, анткени Конституцияда кепилденген адамдын укуктары жана эркиндиктери чектелет.

Мындан тышкары, өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө Т.А. Токтакунова Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 17-февралындагы укуктук позициясын келтирет, ага ылайык кассациялык өндүрүш институту соттук каталарды оңдоонун эффективдүү механизмдеринин бири болуп саналып, адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун эң маанилүү кепилдиги, ал эми алар төмөн турган соттор тарабынан бузулган учурда аларды калыбына келтирүүнүн негизги жолу катары чыгат.

Мындай шарттарда соттун акыркы чечимине чейинки апелляциялык инстанциянын аныктамаларына даттанууга тыюу салуу адамдын укуктарын жана эркиндиктерин түздөн-түз бузуу болуп саналат. Эгерде айкын жол-жоболук каталар болсо, апелляциялык инстанцияга аларды текшербестен акыркы чечимди чыгарууга мүмкүнчүлүк берилбеши керек.

Баяндалгандарды эске алуу менен кайрылуунун субъектиси талашылып жаткан ченемдик жобону Конституцияга карама-каршы келет деп табууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 25-сентябрындагы аныктамасы менен Т.А. Токтакунованын кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынган.

Соттук отурумда кайрылуучу тарап өз талаптарын колдоп жана аларды канаттандырууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү С. К. Ысыранов талашылып жаткан ченем Конституциянын жоболоруна карама-каршы келбейт деп эсептейт жана төмөнкү позициясын билдирди.

Апелляциялык жана кассациялык өндүрүш институттары соттук каталарды оңдоонун натыйжалуу укуктук механизми катары чыгуу менен адамдын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын коргоонун эң маанилүү кепилдиги болуп саналат. С.К. Ысыранов сот адилеттигин жүргүзүүдөгү каталарды оңдоо сот системасынын адилеттүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыздоонун, сот адилеттигине болгон ишенимди бекемдөөнүн, тиешелүү түрдө мыйзамды сыйлоонун жана эң башкысы кайтадан каталарды болтурбоонун маанилүү аспектиси болуп саналат деп эсептейт.

Соттолгондун өзүнүн ишин жогору турган сот тарабынан кароого конституциялык укугу соттук коргоо укугунун ажырагыс компоненти болуп саналат, анткени ал соттолгон адамга соттун чечимине даттануу

мүмкүнчүлүгүн берет жана төмөн турган соттордун мүмкүн болуучу каталарын жогору турган соттордо оңдоого жетишүүсүнө мүмкүндүк берет.

Талашылып жаткан ченем адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектеген жобо катары каралышы мүмкүн эмес. Ошондой эле, соттук практиканы эске алуу менен бул ченем ар бир сот актысын кассациялык инстанциядагы сотко чейин даттанууда ишке катышкан тараптар иштин каралышын негизсиз создуктурбоосу үчүн Кылмыш-жаза процессуалдык кодексте каралган. Ошону менен бирге ал соттордун ишин жакшыртуу жана ишке катышкан тараптардын даттанууларды берүүдөгү аракеттерин иретке келтирүүгө багытталган, демек талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт.

Мындан тышкары, жоопкер тарап Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2020-жылдын 21-октябрындагы чечимине шилтеме кылып, анда соттук катанын бар экендигин аныктоо жогору турган сот органы тарабынан сот актысын кайра кароо жана баа берүү аркылуу гана мүмкүн экендиги белгиленген. Дал ушул жагдай жогору турган сот (апелляция) тарабынан ишти кайта кароо жана сот актыларын кассациялык тартипте кайра кароо институттарынын иштешинин негизги себеби болуп саналат. Башкача айтканда, соттук каталарды жоюунун бирден-бир механизми сот актыларына даттануу институту болушу мүмкүн, башкача айтканда, соттук катанын же судьянын объективдүү укукка каршы аракетинин/аракетсиздигинин болушу жогору турган сот органынын актысы менен гана белгилениши мүмкүн.

Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев жоопкер тараптыкына окшош позициясын билдирип, соттун акыркы чечимине чейинки аныктамаларга даттануу эрежелерин аныктаган талашылып жаткан ченем аныктамаларга даттануу тартибин алардын укуктук маңызына ылайык жөнгө салаарын жана жалпысынан аларга

даттануу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбай тургандыгын жана жарандардын соттук коргоого болгон укуктарын чектебейт же кемитпейт деп белгиледи.

Алсак, А.Т. Молдобаевдин пикири боюнча КЖПК жарандарга алардын укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешелүү сот чечимдерине, анын ичинде кассациялык инстанция катары иш алып барган Жогорку сотко даттанууга мүмкүндүк берет. Бул этапта апелляциялык инстанциядагы сотто иштерди кароодогудай соттук териштирүү болбогондуктан, өкүмдүн негиздүүлүгү текшерилбейт. Соттун чечимдерин кайра кароо иштин жазуу жүзүндөгү материалдары боюнча гана жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, кассациялык инстанциядагы сот өкүмдө белгиленбеген фактыларды белгилөөгө же далилденди деп эсептөөгө укугу жок.

КЖПКнын 401-беренесинин 2-бөлүгүндө биринчи инстанциядагы соттун даттанууга жатпай турган жана ага тараптар сунуш киргизе албаган токтомдордун толук тизмеси белгиленген. Ошол эле учурда КЖПКда сот акыркы соттук чечимди кабыл алганга чейин чыгарган, кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн болгон аныктамалардын тизмеси каралган эмес.

Президенттин жана Министрлер Кабинетинин туруктуу өкүлү белгилегендей, бул ченем апелляциялык жана кассациялык инстанциялар тарабынан жазык иштери боюнча тиешелүү даттанууларды жана сунуштарды кароодо тартипке келтирүүгө жана создуктурууну болтурбоого, ошондой эле жазык сот өндүрүшүнүн субъекттери тарабынан жазык ишин атайылап созуу менен билдирилген, процессуалдык укуктарды кыянаттык менен пайдалануу мүмкүндүгүн алдын алууга багытталган.

Ошол эле учурда, апелляциялык инстанциянын өзүнүн компетенциясынын чегинде кабыл алган аралык чечимдерине, аныктамаларына кассациялык инстанцияга даттануу укугу жогоруда аталган ченем менен жокко чыгарылбайт, болгону аларды акыркы соттук чечимди кабыл алууда кассациялык даттануулар же сунуштар менен бирге кароо мүмкүнчүлүгү көрсөтүлөт.

Ошентип, кассациялык соттук инстанциянын негизги милдети материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин туура колдонулушун текшерүү жана ошону менен адилеттүүлүктүн жана мыйзамдуулуктун конституциялык принциптерине жооп берген бирдиктүү укук колдонуу практикасы орнойт.

А.Т. Молдобаев Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, конституциялык эмес деп табылган мыйзамдардын ченемдерине негизделген сот чечимдери ар бир конкреттүү учурда укуктары жана эркиндиктери бузулган жарандардын даттануулары боюнча сот тарабынан кайра каралат деп көрсөтүлгөндүгүн белгиледи.

Ушуга байланыштуу Конституциянын 98-беренесинин негизинде мыйзам чыгаруучу тарабынан сот инстанцияларынын тутумунун кароо чектери, даттануунун ырааттуулугун жана жол-жоболорун, сот актыларын жогору турган инстанциянын соттору тарабынан жокко чыгаруунун же өзгөртүүнүн негиздерин, ошондой эле жогору турган соттордун ыйгарым укуктарын аныктайт.

Жогорку соттун өкүлү М.Н. Сапиянова талашылып жаткан ченемдик жобо менен Конституциянын ченемдеринин ортосунда эч кандай карама-каршылык жок деген пикирин билдирди.

Алсак, М.Н. Сапиянова Жогорку соттун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 19-декабрындагы Чечимине шилтеме кылган, анда КЖПКда иш боюнча акыркы чечим чыгарылганга чейин сот процессинин катышуучуларынын өтүнүчтөрүнө карата соттук териштирүүнүн жүрүшүндө чыгарылган биринчи инстанциядагы соттун токтомдоруна даттанууга түздөн-түз тыюу салынышы, жогоруда көрсөтүлгөн токтомдор менен чечилүүчү маселелер акыркы актыны чыгарууга түздөн түз тиешеси бардыгы жана өкүмдүн мазмуну менен байланыштуу болушу менен шартталгандыгы белгиленген. Андай болбогондо, биринчи инстанциядагы сотто акыркы акт чыгарылганга чейин жогору турган инстанциядагы сотко ушул түрдөгү токтомдорго даттануу мүмкүндүгү жогорку турган соттук инстанциялар

тарабынан биринчи инстанциядагы соттун иштерди кароосунун жүрүшүнө көзөмөл жүргүзүүсүнө алып келет, демек, алардын өздөрүнүн дискрециялык ыйгарым укуктарын аткаруусуна кийлигишүүгө алып келет, бул сот адилеттигин жүргүзүүдө соттун (судьянын) көз карандысыздык конституциялык принцибин сактоо көз карашынан алганда жол берилгис. Андан сырткары, мындай даттануу мүмкүнчүлүгү сот процессинин өзүн актабаган создуктурууга алып келет, жана, натыйжада ишти акылга сыярлык мөөнөттө кароо принциби бузулат.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлдөрүнүн пикирлери өздөрүнүн мазмуну боюнча жоопкер тараптын позициясы менен дал келет.

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын карап чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча анын ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун кароосунун предмети болуп Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 439-беренесинин 4-бөлүгүнүн төмөнкүдөй мазмундагы ченемдик жобосу саналат:

«439-берене. Сот чечимдерин кассациялык тартипте кайра кароо

4… Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш.».

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси мыйзамда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынып, «Эркин Тоо»

гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрындагы № 122-133 санына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы өз табияты боюнча көз карандысыз болуп саналган сот бийлигине адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин мамлекеттик коргоодо чечүүчү ролду жүктөйт. Сот адилеттигин ишке ашыруу боюнча өзүнө берилген ыйгарым укуктарды ишке ашырууда сот бийлиги адамдын жана жарандын Негизги Мыйзамда каралган бардык башка укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиги катары соттук коргоого болгон укуктун маанисин аныктайт.

Укуктун үстөмдүгүнө жана мыйзамдуулукка негизделген мамлекеттин укуктук системасы ар бир адамдын соттук коргоого укугун карайт. Адамдын ажырагыс негизги укуктарынын жана эркиндиктеринин бири болгон бул укук бардыгы үчүн сот адилеттигине эркин жана бирдей жетүү кепилдиктерин камтыйт. Ал мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик органдарынын мыйзамсыз аракеттеринен гана эмес, ошондой эле соттун жаңылыш чечимдеринен бузулган укуктарды коргоого жана калыбына келтирүүгө чакырылган көз карандысыз сот тарабынан атаандаштык жана тараптардын тең укуктуулугу принцибинин негизинде жүзөгө ашырылат,

Ар бир адамдын адилет, компетенттүү жана натыйжалуу соттук коргоого болгон укугун кепилдөө боюнча мамлекеттик милдет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктук актылардын, анын ичинде Адам укуктарынын жалпы декларациясынан (8-статья) жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (2-статья) ченемдеринен келип чыгат.

Ушуга байланыштуу, сот адилеттиги калыстыктын критерийлерине жооп берсе жана бузулган укуктарды натыйжалуу калыбына келтирсе гана ошондой деп таанылат, ал эми мыйзам чыгаруучу сот өндүрүшүнүн процессин калыптандырууда кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык этаптарында мыйзамда тыюу салынбаган бардык жолдор менен адамдын

жана жарандын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча талаптагыдай мүмкүнчүлүк берген укуктук механизмди камсыз кылууга тийиш.

Өз кезегинде сот адилеттигинин органы катары сот соттук териштирүүдө соттук чечимди, тактап айтканда, иш боюнча мыйзамдуу, негиздүү жана адилеттүү чечимди белгиленген мөөнөттө чыгаруу үчүн зарыл болгон талаптардын аткарылышын камсыз кылууга милдеттүү.

3. Муну менен катар кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн процессуалдык негиздерин аныктоочу мыйзамдар анын этаптарын так чектейт жана процесстин бардык катышуучуларынын катышуусунда сот тарабынан жазык иштерин структуралык, көп баскычтуу жана толук кароо үчүн зарыл шарттарды түзөт.

Бул процессте, албетте, биринчи инстанция маанилүү роль ойнойт, анын ишинин жыйынтыгы жазык сот өндүрүшүнүн кийинки этаптарына карата негиз түзүүчү (базалык) мүнөзгө ээ. Бул ушул деңгээлде процессуалдык ченемдерге так адгеренттүүлүк иштин мындан аркы бардык каралышы негиз боло турган бекем жана өзгөрбөс укуктук пайдубалды түзөрүн билдирет. Мындай мамиле соттун чечимдеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн гана камсыз кылбастан, процесстин ар бир катышуучусунун укуктарын жана эркиндиктерин урматтоону шарттайт, анткени так ушул этапта сот адилеттигин жүргүзүү боюнча соттун конституциялык ыйгарым укуктары жүзөгө ашырылат.

Алсак, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жазык ишинин далилдөө базасынын бардык элементтерин кылдат изилдөө жургүзүлөт. Буга прокурордун жана тергөөчүнүн аракеттеринин, тыянактарынын жана чечимдеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн, анын ичинде бардык чогултулган далилдердин жол берилишин текшерүү кирет. Мындан тышкары, сот процесстин катышуучулары тарабынан келтирилген же алар тарабынан түздөн-түз ачылган кошумча далилдерди да карайт. Айыптоо жана коргоо тараптарынын жигердүү катышуусу – алардын укуктарын жана

кызыкчылыктарын ишке ашырууга гана өбөлгө болбостон, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн материалдарынын мазмунуна соттун объективдүү баа берүүсүнө мүмкүндүк берет. Мындай изилдөөнүн эң жетишкендиги, акыр аягында соттун өкүмү болуп саналат, ал боюнча айыпталуучу кылмыш жасагандыгына күнөөлүү деп табылып, кылмыш жазасына тартылышы мүмкүн, же күнөөсүз деп табылып, акталат.

Демек, биринчи инстанциянын ишинин жогорку натыйжалуулугу анын сот адилеттиги системасындагы негизги ролун ырастай турганын жана жалпысынан сот адилеттигин туура жана калыс жүргүзүүнү камсыз кылуу үчүн так стандарттарды сактоо зарылдыгын баса белгилей кетүү өтө маанилүү.

4. Муну менен бирге жазык процессинин атаандаштык аспектисин эске алуу менен, биринчи инстанциядагы соттун отурумуна ишти даярдоо этабында тараптардын көйгөйлөрдү аныктоо мүмкүнчүлүгүн эске алуу маанилүү. Мына ошондуктан Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде судьянын гана демилгеси боюнча эмес, ошондой эле тараптардын биринин өтүнүчү боюнча да алдын ала угуу механизмин ишке киргизүү ыйгарым укуктары каралган (КЖПКнын 40-главасы).

Ошентип, алдын ала угуу процесстин катышуучуларынын укуктарын сактоонун кошумча процесстик кепилдиги болуп саналат, ал Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин 279-беренесинде каралган негиздер боюнча негизги угуулар башталганга чейин сотко чейинки өндүрүштөгү кемчиликтерди табууга, оңдоого же жоюуга мүмкүндүк берет (КЖПКнын 279-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пункту).

Мыйзам чыгаруучу тараптарга соттук териштирүүдө билдирилген кандай болбосун далилди далилдердин тизмегинен алып салуу жөнүндө өтүнүч билдирүүгө укук берет. (КЖПКнын 285-беренесинин 1-бөлүгү). Муну менен бирге алдын ала угуу өткөрүү үчүн негиз катары жол берилгис далилдерди алып салуу жөнүндө тараптардын өтүнүчүнүн болушун караган

ченемди өзүнчө белгилейт (КЖПКнын 279-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пункту).

Далилдерди алып салуунун себеби далилдик мааниге ээ болгон фактылык маалыматтарды чогултууда же текшерүүдө Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин талаптарын бузуудан улам келип чыккан анын жол берилгистиги саналат. Жол берилгис далилдердин так тизмеси Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 80-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган.

Судья далилдердин жол берилгистиги жөнүндө маселени чечүүдө ар бир учурда жол берилген бузуу эмне менен билдирилгендигин так аныктоого жана эки тараптын аргументтерине негизденип, далилдерди алып салуу жөнүндө жүйөлүү чечим чыгарууга (ЖПКнын 80-беренесинин 5-бөлүгү) милдеттүү. Алып салынган далилдер кийинки процессте колдонулбайт жана соттун чечимине таасир эте албайт.

Далилдерди алып салуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу же канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө соттун чечимдери Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 288-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык 3 күндүн ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Ушуга байланыштуу, конкреттүү иштин жагдайларына жараша мүмкүнчүлүк же тандоо катары берилүүчү алдын ала угуу өзүнүн факультативдик мүнөзүнө карабастан, далилдердин процесске карата жол берилиши предметине изилдөөдө көмөкчү ролду ойной тургандыгын белгилей кетүү керек. Сотко чейинки өндүрүштү сот процесси менен байланыштырган, кандайдыр-бир «көпүрө» катары кызмат кылган бул институттун натыйжалуулугу жана ишенимдүүлүгү биринчи инстанциядагы сотто иштерди кароонун сапатына жана натыйжаларына таасир этиши мүмкүн жана, албетте, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык кийинки этаптарына оң таасирин тийгизет.

5. Конституция ар бир соттолгон адамга өзүнүн ишин мыйзамга ылайык жогору турган сотто кароо укугун кепилдейт (58-берененин 4-бөлүгү).

Конституциялык сот өз чечимдеринде ар бир соттолгон адамга ага карата чыгарылган соттун чечимине даттануу мүмкүнчүлүгүн берүү соттук териштирүүнүн кепилдиги, төмөн турган соттордун мүмкүн болуучу каталарынан жана мыйзамсыз чечимдеринен коргоо, аппеляцияга жана кассацияга укуктарын камсыз кылуу, ошондой эле калыс сот адилеттиги аркылуу калктын сот системасына болгон ишенимин бекемдөө болуп саналат деп бир нече жолу белгилеген (2016-жылдын 11-майындагы, 2021-жылдын 17-мартындагы, 2022-жылдын 21-сентябрындагы, 2022-жылдын 26-октябрындагы, 2023-жылдын 1-мартындагы чечимдери).

Апелляциялык инстанциядагы сот жогору турган соттук звено болуу менен соттун чечимин кайра кароого соттолгон адамдын укугун ишке ашырууда чоң мааниге ээ, ошол эле учурда ага гана мүнөздүү уникалдуу процессуалдык ыйгарым укуктар гана берилбестен, ошондой эле биринчи инстанциядагы сот ээ ыйгарым укуктар да берилген.

Соттук коллегиядан турган бул инстанция, биринчи кезекте мыйзамдуу күчүнө кире элек өкүмдөргө жана токтомдорго даттануулар жана сунуштар боюнча жазык иштерин карайт жана биринчи инстанциядагы сот тарабынан чыгарылган бул чечимдердин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет (Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин 5, 408-беренелери).

Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин 415-беренесинде аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде сот кошумча күбөлөрдү, эксперттерди, адистерди сот отурумуна чакырууга жана суракка алууга, тараптардын өтүнүчү боюнча берилген же суратып алынган жазуу жүзүндөгү, буюм түрүндөгү жана башка далилдерди иликтөөгө, ошондой эле биринчи инстанциядагы сот тарабынан иликтенген материалдарды жол берилгис далилдер деп табууга жана аларды далилдердин арасынан алып салууга же, тескерисинче, алынып салынган материалдарды жол берилүүчү деп табууга жана аларды кайра изилдөөгө укуктуу.

Ушуга байланыштуу апелляциялык инстанциянын өзгөчөлүгү болуп анын процессуалдык арсеналында биринчи инстанциянын жол-жоболорун

сактоо жана атаандаштык принцибин камсыз кылуу менен ишти жаңыдан кароону толук жана жарым-жартылай көлөмдө жүргүзүүгө ыйгарым укуктардын болушу саналат. Жыйынтыгында биринчи инстанциянын чечимин алмаштыра турган жаңы өкүм чыгарылышы мүмкүн.

Өз кезегинде, Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 289-беренесинде каралган соттук териштирүүнүн жалпы шарттары апелляциялык инстанциядагы сотко да жайылтылгандыктан, мыйзам чыгаруучу аны соттук отурумда изилденген далилдерге гана таянып өкүм чыгарууга милдеттендирет.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, экинчи инстанциянын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу иш боюнча бардык материалдарды, анын ичинде сот өндүрүшүнүн мурунку этаптарында деталдуу талдоого алынган далилдердин жол берилгистиги маселелерин кайталап жана кылдат изилдөөнү камсыз кылаарын баса белгилей кетүү зарыл. Муну менен кылмыш-жаза процессинин катышуучуларына калыстыкты, мыйзамдуулукту камсыз кылуу жана адамдын бузулган конституциялык укуктары менен эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын сот адилеттигинин бардык мүмкүнчүлүктөрүнө жеткиликтүүлүк аркылуу калыбына келтирүү үчүн бардык укуктук инструменттер берилет.

6. Сот адилеттиги системасынын иерархиясындагы эң жогорку звено болуп Жогорку соттун соттук коллегиясы менен билдирилген кассациялык инстанция саналат, ал апелляциялык инстанциядагы соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмдөрүнө жана аныктамаларына кассациялык даттануулар, сунуштар боюнча иштерди карайт (Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин 5-беренеси).

Кассациялык өндүрүш соттук каталарды оңдоонун эффективдүү механизмдеринин бири болуу менен адам укуктары менен эркиндиктерин коргоонун эң маанилүү кепилдиги болуп саналат, ал эми алар төмөнкү инстанциядагы соттор тарабынан бузулган учурда аларды калыбына

келтирүүнүн негизги жолу болуп саналат (2021-жылдын 17-февралындагы Чечими).

Алсак, мыйзам чыгаруучу кассациялык инстанциянын ыйгарым укуктарынын так чегин белгилеген, анын алкагында материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин олуттуу бузуулар предметине кылмыш-жаза иши боюнча өндүрүштү текшерүүгө гана укуктуу.

Процессуалдык укуктун ченемдерин олуттуу бузуулар деп ишке катышкан адамдардын мыйзам тарабынан кепилденген укуктарынан ажыратуу же кысым көрсөтүү, сот өндүрүшүнүн жол-жобосун сактабоо аркылуу же башка жол менен иштин жагдайларын ар тараптуу жана объективдүү иликтөөгө тоскоол кылуу, мыйзамдуу жана негиздүү өкүмүн, токтомун чыгаруусуна, иштин туура чечилишине таасир тийгизген же таасир тийгизиши мүмкүн болгон бузуулар таанылат (КЖПКнын 421-беренесинин 1-бөлүгү). КЖПКны аталган бузуулардын болушу сот актысын жокко чыгарууга алып келет.

Көрсөтүлгөн берененин 2-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык, сот актысын жокко чыгаруу үчүн негиздердин бири болуп сот тарабынан жол берилгис деп табылган далилдер менен өкүмдү негиздөө саналат. Өз кезегинде Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин 80-беренесинин 4-бөлүгүндө кандай далилдер жол берилгис деп табылары так аныкталган.

Ошол эле учурда Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин 441-беренесинин 1-бөлүгүндө Кылмыш-жаза кодексинин Жалпы бөлүгүнүн беренелерин туура эмес колдонуу, Кылмыш-жаза кодексинин тийиштүү беренесинин, анын бөлүгүнүн же пунктунун санкциясында каралбаган жазанын түрүн жана чарасын айыпталуучуга белгилөө, кылмыш аракетин квалификациялоодо Кылмыш-жаза кодексинин беренелерин, анын бөлүгүн же пунктун туура эмес колдонууну камтыган материалдык укуктун ченемдерин олуттуу бузуулар белгиленген.

Талашылып жаткан ченемдик жоболорго ылайык, кассациялык инстанциядагы соттун кароо предмети болуп акыркы соттук чечимге

чейинки аныктамалар болушу мүмкүн, эгерде мындай аныктамаларга даттануу Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде каралса, болушу мүмкүн. Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш.

Мындай укуктук жөнгө салуу биринчи инстанциядагы сот тарабынан ишти кароонун жүрүшүнө жогору турган соттор тарабынан үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү жана натыйжада алардын өз дискрециялык ыйгарым укуктарын ишке ашырууга кийлигишүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Бирок, мында соттун аралык иш-аракеттеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн соттук текшерүү мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылбайт; болгону башка белгиленген мөөнөткө жылдырылат жана өкүм toktom кылынгандан кийин гана жүргүзүлөт. Мындай мамиле биринчи жана экинчи инстанциядагы сотторго ишти сырттан басымсыз жана бир жактуу кароосуз аягына чыгарууга мүмкүндүк берет, бул соттук териштирүүнүн көз карандысыздыгын шарттайт.

Кассациялык инстанциянын ыйгарым укуктарынын толук тизмесин белгилөө менен мыйзам чыгаруучу бул сотко өкүмдө белгиленбеген же ал тарабынан четке кагылган фактыларды аныктоого же далилденген деп эсептөөгө, айыптоонун далилденгендиги же далилденбегендиги жөнүндө маселелерди алдын ала чечүүгө, тигил же бул далилдердин жол берилиши же жол берилбестиги, кээ бир далилдердин башкаларга караганда артыкчылыгы, ошондой эле ишти кайра кароодо биринчи инстанциядагы же апелляциялык инстанциядагы соттор тарабынан акыркы актыларда келтирилиши мүмкүн болгон тыянактарды алдын ала чыгарууга укук бербейт.

Соттук териштирүүнүн жыйынтыктоочу актысы иштин материалдарынын жана жагдайларынын жөнөкөй жыйындысы эмес, ал өзүнө сот өндүрүшүнүн бардык этаптарында кабыл алынган чечимдерди да камтыйт. Бул процессуалдык чечимдерге далилдердин жол берилишинен

тартып иштин жүрүшүн жана анын жыйынтыгын кескин түрдө өзгөртө турган процессуалдык маселелер жөнүндө аныктамаларга чейин кирет. Андыктан, жыйынтыктоочу акт иштин фактылык базасынын гана эмес, ошондой эле сот тарабынан колдонулган укуктук логиканын да жыйынтыгы болуп саналат. Бул соттук чечимдин сапаты фактыларды аныктоонун тактыгы менен гана эмес, ошондой эле жол-жоболук ченемдердин туура колдонулушу менен да аныкталат, ал өз кезегинде кассациялык кайра кароо этабында кылдат талдоону жана баа берүүнү талап кылат дегенди билдирет.

Толук жыйынтыктоочу актыга жеткиликтүүлүк жокто, ишти кароонун жүрүшүндө кабыл алынган процессуалдык чечимдердин анын натыйжасына тийгизген таасирин адекваттуу баалоо мүмкүн эмес. Ар бир мындай чечим далилдердин жол берилишине же четке кагууга, процессуалдык аракеттердин жүрүшүн өзгөртүүгө, ал тургай соттун жүйөөлөрүнүн логикасына таасир этиши мүмкүн. Жыйынтыктоочу актынын толук контексти жокто, бул алдын ала аныктамалардын объективдүүлүгүн жана тууралыгын ар кандай баалоо аракети толук эмес жана жаңылыштыкка алып келиши мүмкүн. Бул соттук чечимдерди талдоого комплекстүү мамиле жасоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт, мында иштин жыйынтыгы гана эмес, ошондой эле бул чечимдин кандай жол-жоболук контекстте түзүлгөнү да каралат.

Ошентип, жыйынтыктоочу актыны түшүнүү, анын ичинде иштин жүрүшүндө кабыл алынган бардык процессуалдык чечимдерге баа берүү кассациялык этапта соттук териштирүүнүн адилеттүүлүгүн жана тууралыгын камсыз кылуунун ачкычы болуп саналат. Бул колдонулган ченемдердин мыйзамдуулугун талдоо үчүн гана эмес, ошондой эле процессуалдык жана материалдык чечимдер жыйынтыктоочу актыны түзүүгө кандай таасир эткендигин терең түшүнүү үчүн да талап кылынат жана өз ыйгарым укуктарынын алкагында сот өндүрүшүнүн кассациялык стадиясынын жоопкерчилигин баса белгилейт.

Мындан тышкары, жазык иштери боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген соттук чечимдерди кайра кароо боюнча өндүрүш алардын мыйзамдуулугун

камсыз кылуунун кошумча жолунун резервдик мааниси бар катары процессуалдык укуктарды кыянаттык менен пайдалануу жана кассациялык жол-жоболорду катардагы соттук инстанцияга айландыруу мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу жол-жоболук эрежелерди белгилөө дегенди билдирет, мында адилеттүүлүктүн жана теңчиликтин түпкү конституциялык принциптери бузулбашы керек.

Демек, соттук чечимдердин биротоло, туруктуулук принциптерин сактоонун зарылчылыгы айдан ачык, алар конституциялык жана эл аралык укук ченемдерден келип чыгат. Бул принциптер укуктук системага ишенимди камсыз кылуу жана укуктук аныктыкты сактоо үчүн негиз болуп саналат.

Соттук актылардын биротоло болушу соттук чечимдердин чексиз кайра каралбай тургандыгына укуктук аныктыкты жана ишенимди камсыз кылуу менен сот адилеттигинин натыйжалуу жана адилеттүү болушуна өбөлгө түзөт. Стабилдүүлүк, мурда белгиленгендей, сот бийлигине жана анын системасына ишенимди бекемдеп, сот актыларын чыгарууда мыйзамдуулукту, ырааттуулукту жана алдын ала айтуу мүмкүнчүлүгүн кепилдейт.

Ошентип, Конституциялык сот апелляциялык инстанциядагы соттун аныктамаларына даттануу укугун чектөө жөнүндө кайрылуучу тараптын пикири жаңылыш деген тыянакка келди. Мыйзам чыгаруучу тарабынан кассациялык инстанция үчүн белгиленген тартип бул инстанциянын чечимдерин кайра кароо укугун чектебейт. Ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын соттук коргоого болгон укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу таламдары, анын ичинде процессуалдык бузуулар орун алган учурда далилдердин жол берилгистиги жөнүндө маселелерди изилдөө кемибейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4 жана 5-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө»

конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 439-беренесинин 4-бөлүгүнүн «Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1, 2, 4-6-бөлүктөрүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

4. Бул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№______